**Бишкек шаардык кеңешинин “Бишкек шаарынын суу түтүк жана канализация тармактарына техникалык шарттарды алууга тарифтерди жана технологиялык кошуу (кошулуу) үчүн төлөмдүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө” токтомунун долбооруна**
**МААЛЫМ КАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Долбоордун максаты жана милдеттери**

Бул долбоордун максаты жана милдеттери болуп Бишкек шаарынын суу түтүк жана канализация тармактарына курулуш, реконструкциялоо, багытын өзгөртүү, кайра пландоо объекттерин жана башка өзгөрүлгөн кыймылсыз объекттерине гана эмес, жеңил конструкциядагы жана архитектуралык формадагы объекттерди кошууга техникалык шарттарды берүү, ошондой эле Бишкек шаарынын суу түтүк жана канализация тармактарына объекттер кошулган жерге керектүү кубаттуулук менен камсыздоо максатында объекттерди технологиялык кошуу (кошулуу) үчүн төлөмдүн өлчөмүн бекитүү, каражатарды чогултуу жана жумшоо тартибин жол-жоболоштуруу процесстерин тартипке келтирүү эсептелет.

**2. Баяндоочу бөлүгү**

Техникалык шарттарды берүү жана суу түтүк жана канализациянын тармактарына объекттерди кошуу бөлүгүндө “Бишкексууканал” ӨЭБсы бир катар ченемдик укуктук актыларды, анын ичинде Бишкек шаардык кеңештин 2009-жылдын 30-апрелиндеги № 68 “Бишкек шаарынын аймагындагы суу түтүк жана канализация тармактарына техникалык шарттарды берүү жана жаңы курулуш, реконструкциялоо, багытын өзгөртүү, кайра пландоо объекттерин кошууга тарифтерди бекитүү тууралуу” (Бишкек шаарынын негизги аймактарына) жана 2018-жылдын 6-февралындагы № 54 “Бишкек шаарынын Түштүк зонасындагы суу түтүк жана канализациянын долбоорлонгон тармактарына техникалык шарттарды берүү жана курулуш, реконструкциялоо, багытын өзгөртүү, кайра пландоо объекттерин кошуунун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону жана долбоорлонгон инженердик тармактарга техникалык шарттарды берүүгө жана курулуш, реконструкциялоо, багытын өзгөртүү, кайра пландоо объекттерин кошууга уруксат берүүгө тарифтерди бекитүү жөнүндө” (Бишкек шаарынын Түштүк пландаштырылган зонасына) токтомдорду колдонмого алат.

Азыркы учурда жогоруда аталган Бишкек шаардык кеңештин 2009-жылдын 30-апрелиндеги № 68 токтому менен бекитилген тарифтер кийинирээк 2009-жылы кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга, ошондой эле иштеп жаткан курулуш тармактарындагы баа саясатына дал келбейт, анткени өтүп кеткен жылдар ичинде материалдарга, жабдыктарга, ККМге, курулуш-куроо жана аракетке келтирүү-жөнгө салуу иштерине баалар бир кыйла өстү. Азыркы мезгилдин чындыктарына (реалия) ылайык төлөмдөрдү кайра кароо зарылчылыгы бышып жетилди.

Акыркы жылдары Түштүк пландаштырылган зонаны кошуп жалпы Бишкек шаары боюнча шаардык иженердик тармактарга объекттерди кошуунун бирдиктүү шарттарын камсыздоо маселеси бир нече ирет көтөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 10-февралындагы № 100 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында техникалык шарттарды берүү жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошулуу тартибинин эрежелери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобосу менен инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына техникалык шарттарды алуу жана кошууга тарифтер монополияга каршы мыйзамдарына ылайык белгиленет деп аныкталган.

Бирок ченемдик укуктук актылар менен технологиялык кошуу үчүн келип түшкөн баалардын, төлөмдөрдүн эсебинин жана каражаттарды пайдалануунун тартиби аныкталган эмес.

Эрежелерге ылайык “технологиялык кошулуу – кошулган жерде тийиштүү ресурстардын керектүү кубаттуулугу менен камсыздоо үчүн инженердик-техникалык жана уюштуруучулук иш-чаралардын комплекси”. Жогоруда аталган Жободо ушундай эле түшүнүккө “технологиялык кошуу” аныктамасы берилет.

Токтомдун ушул долбоорунда ар кандай окууларды алып таштоо максатында “технологиялык кошуу (кошулуу) – кошулган жерде тийиштүү ресурстардын керектүү кубаттуулугу менен камсыздоо үчүн инженердик-техникалык жана уюштуруучулук иш-чаралардын комплекси” – ичүүчү суу менен камсыздоо жана агынды сууларды буруп кетүү үчүн түшүнүгүн пайдалануу сунушталат.

Акыркы жылдары турак жана турак эмес имараттардын курулушу, реконструкциясы, багытын өзгөртүүлөрү жогорку темп менен жүрүп жатат, аларды суу менен жабдуу жана сууну агызып чыгаруу (канализация) менен камсыздоо үчүн суутоптомолордун кубаттуулугун көбөйтүү жана жалпы инженердик инфратүзүмдү олуттуу реконструкциялоо керек.

1996-жылдан баштап шаардын суу түтүк-канализациялык чарба системаларын реконструкциялоого бюджеттик каражаттар бөлүнбөгөндүгүн эске алып, жашоо камсыздоонун эң керектүү тармактарынын биринин ишинин ишенимдүүлүгү жана туруктуулугу төмөндөдү. Мурда курулган суу түтүк жана канализациянын колдонулуп жаткан тармактары азыркы учурда өтө канааттандырардык эмес техникалык абалда турат жана реконструкциялоого муктаж.

Токтомдун сунушталган долбоору менен объекттерди технологиялык кошуу үчүн келип түшкөн каражаттарды “Бишкексууканал” ӨЭБсынын атайын эсебине аккумирлөө жана жаңы суутоптомолорду курууга жана

колдонулуп жаткан суутоптомолорду реконструкциялоого, тазалоо курулмаларын реконструкциялоого жана модернизациялоого, артыкча ресурстарды үнөмдөөчү жабдууларды жана заманбап технологияларды жайылтууга, соркыскыч-энергетикалык жабдыктарды алмаштырууну талап кылынган көлөмдө жүргүзүүгө, суу түтүк жана канализациянын магистралдык тармактарынын реконструкциясын аткарууга багыттоо сунушталат.

Турак жай объекттери үчүн суралган жүктөмдөрдүн эсеби 1 жашоочуга Курулуш ченемдери жана эрежелерине (КЧжЭ) ылайык долбоорлоочулар тарабынан жүргүзүлөт. Турак үйлөрдү долбоорлоодо жашагандардын санына жараша суу түтүк жана канализациялык тармактардагы жүктөмдөрдүн эсебине долбоорлоочулардын түшүнүксүз мамилелерин четтетүү максатында токтомдун долбоору менен бир жашоочуга турак жайдын жалпы аянтынын 20 кв. көп эмес ченемдин натыйжасында жашоочуларга эсеп жүргүзүү сунушталат.

Турак жай имараттарынын суу менен жабдуу жана сууну агызып чыгаруусунун (канализация) жүктөмдөрүнүн эсеби батирдик (үйлүк) ысык сууну даярдоону эсепке алуу менен бир кишиге муздак сууну керектөөсүнүн ченеминин натыйжасында жүргүзүлсүн:

225 л/суткасына – жеке менчик турак үйлөр үчүн;

300 л/суткасына – 12 кабатка чейин бийиктиктеги турак үйлөр үчүн;

400 л/суткасына – 12 кабат жана андан жогорку бийиктиктеги турак үйлөр үчүн.

Турак үйдө долбоорлонгон турак эмес жайлар (турак үйдүн турак эмес жайлары, коммерциялык жана коммерциялык эмес түзүмдөр), ошондой эле туруктуу жашоо үчүн пайдаланбаган ар кандай функционалдык багыттагы өзүнчө турган объекттер үчүн курулуш ченемдери жана эрежелеринин жоболорунан келип чыккан суу менен жабдуу жана сууну агызып чыгаруунун (канализация) ченемдери колдонулат.

Токтомдун ушул долбоору инженердик тармактарга объектини технологиялык кошуу үчүн төлөмдү эсептөөнүн жана киргизүүнүн тартибин, көп батирлүү турак үйлөрдү долбоорлоо жана курууда этап менен төлөөнүн мүмкүнчүлүгүн жана шарттарын аныктайт.

Мындан сырткары технологиялык кошууга түзүлгөн келишимдин алкагында, ошондой эле суу түтүк жана канализация тармактарына уруксаты жок кошулгандыгы үчүн жактардын жоопкерчилиги каралат.

Бишкек шаардык кеңештин 2015-жылдын 8-декабрындагы № 166 “Бишкек шаарында суу менен жабдууну жана канализацияны реаблитациялоо” долбоорун ишке ашыруу үчүн кредитти алууну колдоо жөнүндө” токтомунун 3-пункту (Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 29-сентябрындагы № 45 токтомунун редакциясында), Бишкек шаардык кеңештин 2022-жылдын 29-сентябрындагы № 45 “Бишкек шаардык кеңешинин 2015-жылдын 8-декабрындагы № 166 “Бишкек шаарында суу менен жабдууну жана канализацияны реаблитациялоо” долбоорун ишке ашыруу үчүн кредитти алууну колдоо жөнүндө” Бишкек шаардык

кеңешинин токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту менен Бишкек шаарынын мэриясына "Бишкексууканал" ӨЭБсы менен бирге үлүш каражаттарын чогултуунун тартиби жөнүндө жобону даярдоо жана Бишкек шаардык кеңешинне бекитүүгө киргизүү тапшырылган.

Өтүп кеткен мезгилдер ичинде инженердик тармактарды куруу жана реконструкциялоого үлүштүк каражаттарды чогултуу маселеси кошумча изилденип чыккан. Суу менен жабдуу жана сууну агызып чыгаруунун (канализациянын) тармактарын жана курулмаларын долбоорлоо жана курууга үлүштүк каражаттарды чогултуунун тартибин регламенттеген ченемдик укуктук актылардын бар экендиги, мындан аркы алардын тиешелүүлүгү, аларды тейлөө жана экспулатациясын каржылоо аныкталган жок. Ушуга байланыштуу акча каражаттарын чогултуу тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу мүмкүн эмес.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, Бишкек шаардык кеңешинин 2015-жылдын 8-декабрындагы № 166, 2022-жылдын 29-сентябрындагы № 45 токтомдорунун 3-пункттары күчүн жоготту деп таануу сунушталат.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору.**

Бул токтом долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, бул токтом долбоору Бишкек шаардык кеңештин расмий сайтына жайгаштырылышы керек.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Ушул токтомдун долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине карама-каршы келбейт.

Суу менен жабдуу жана канализация тармактарына объекттерди кошууга техникалык шарттарды даярдоо, берүүгө, ошондой эле технологиялык кошууга (кошулуу) акча каражаттарын эсептөө, чогултуу жана жумшоо тартибин, инженердик-техникалык комплекстин тармактарын жана курулмаларын каржылоо, куруу, техникалык тейлөө тартибин жөнгө салган колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин кайра каралышы мүмкүн.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул Убактылуу жобону иш-аракетке киргизүү шаардык бюджеттен акча каражаттарын бөлүүнү талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Токтомдун ушул долбооруна  жөнгө салуучулук таасирин талдоону жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-августундагы №444 “Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Методикага ылайык жүргүзүлөт.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Д. Джунушалиев**

**СПРАВКА-ОБОСНОВАНИЕ**
к проекту постановления Бишкекского городского кенеша
«Об утверждении тарифа за получение технических условий на подключение объекта к сетям водопровода и канализации города Бишкек и размера платы за технологическое подключение (присоединение)»

**1. Цель и задачи**

Целью и задачей данного проекта постановления является упорядочение процесса выдачи технических условий на подключение объектов проектирования, строительства, реконструкции, перепрофилирования, перепланировки и иных изменений не только объектов недвижимости, но и объектов в легких конструкциях и малых архитектурных форм (далее - объектов) к сетям водопровода и канализации города Бишкек, а также утверждение размера платы за технологическое подключение (присоединение) объектов, порядка сбора и расходования средств в целях обеспечения необходимой мощности в точке подключения объектов к сетям водопровода и канализации города Бишкек.

**2. Описательная часть**

В части выдачи технических условий и подключения объектов к сетям водопровода и канализации ПЭУ «Бишкекводоканал» руководствуется рядом нормативных правовых актов, в том числе постановлениями Бишкекского городского кенеша «Об утверждении тарифов на выдачу технических условий и на подключение объектов нового строительства, реконструкции, перепрофилирования, перепланировки к сетям водопровода и канализации на территории города Бишкек» № 68 от 30 апреля 2009 года (на основную территорию города Бишкек) и «Об утверждении Положения о порядке и условиях выдачи технических условий и подключения объектов строительства, реконструкции, перепрофилирования, перепланировки к проектируемым сетям водопровода и канализации в Южной зоне города Бишкек и тарифов на выдачу технических условий и за разрешение на подключение объектов строительства, реконструкции, перепрофилирования, перепланировки к проектируемым инженерным сетям» от 6 февраля 2018 года № 54 (на Южную планировочную зону города Бишкек).

На текущий момент тарифы, установленные вышеназванным постановлением Бишкекского городского кенеша от 30 апреля 2009 года № 68, не соответствуют нормативным правовым актам, принятым позже 2009 года, а также ценовой политике, действующей в строительной отрасли. За истекшие годы значительно выросли цены на материалы, оборудование, ГСМ, на строительно-монтажные и пуско-наладочные работы. Назрела необходимость пересмотра платы согласно реалиям настоящего времени.

В последние годы неоднократно поднимался вопрос обеспечения единых условий подключения объектов к городским инженерным сетям в целом по городу Бишкек, включая Южную планировочную зону.

Правилами предоставления технических условий и порядка подключения к сетям инженерно-технического обеспечения в Кыргызской

Республике, утвержденных постановлением Правительства Кыргызской Республики № 100 от 10 февраля 2009 года, а также Положением о порядке выдачи документов на проектирование, строительство и иные изменения объектов недвижимости и оценки соответствия вводимых в эксплуатацию завершенных строительством объектов в Кыргызской Республике, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики № 114 от 6 августа 2021 года, установлено, что тарифы на получение технических условий и подключение к сетям инженерно-технического обеспечения устанавливаются в соответствии с антимонопольным законодательством.

Однако нормативными правовыми актами не определен порядок расчета стоимости и размера платы, оплаты и использования средств, поступающих за технологическое присоединение.

Согласно Правилам «технологическое присоединение - комплекс инженерно-технических и организационных мероприятий для обеспечения в точке подключения необходимой мощности соответствующего ресурса». В вышеназванном Положении такому же понятию дается определение «технологическое подключение».

В целях исключения разночтений в настоящем проекте постановления предлагается использовать понятие «технологическое подключение (присоединение) - комплекс инженерно-технических и организационных мероприятий для обеспечения в точке подключения необходимой мощности соответствующего ресурса» - для обеспечения питьевой водой и отводом сточных вод.

В последние годы высокими темпами ведется строительство, реконструкция, перепрофилирование жилых и нежилых зданий, для обеспечения которых водоснабжением и водоотведением необходимо увеличение мощности водозаборов и существенная реконструкция инженерной инфраструктуры в целом.

Учитывая, что с 1996 года на реконструкцию системы водопроводно-канализационного хозяйства города бюджетные средства не выделялись, что снизило надежность и стабильность работы одной из самых важных отраслей жизнеобеспечения. Существующие сети водопровода и канализации, построенные ранее, в настоящее время находятся в крайне неудовлетворительном техническом состоянии и нуждаются в реконструкции.

Средства, поступающие за технологическое подключение (присоединение) объектов, настоящим проектом постановления предлагается аккумулировать на специальном счете ПЭУ «Бишкекводоканал» и направлять на строительство новых и реконструкцию существующих водозаборов, реконструкцию и модернизацию очистных сооружений, на внедрение ресурсосберегающего оборудования и современных технологий, производить в требуемом объеме замену насосно-энергетического оборудования, выполнять реконструкцию магистральных сетей водопровода и канализации.

Расчеты запрашиваемых нагрузок для жилых объектов производятся проектировщиками в соответствии со строительными нормами и правилами (СНиП) из расчета на 1 проживающего. В целях устранения неоднозначного подхода к определению количества проживающих при проектировании жилых домов, проектом постановления предлагается установить, что расчет жителей производить исходя из нормы не более 20 кв. м общей площади жилого помещения на одного проживающего.

Расчет нагрузок водоснабжения и водоотведения жилых зданий производить исходя из нормы потребления холодной воды на одного человека с учетом поквартирной (домовой) подготовки горячей воды:

225 л/сутки - для индивидуальных жилых домов;

300 л/сутки - для жилых домов высотой до 12 этажей;

400 л/сутки - для жилых домов высотой 12 и выше этажей.

Для нежилых помещений, проектируемых в жилом доме (не жилых помещений жилого дома, коммерческих и некоммерческих структур), а также отдельно стоящих объектов различного функционального назначения, которые не используются для постоянного проживания, применять нормы водоснабжения и водоотведения исходя из положений строительных норм и правил.

Настоящий проект постановления определяет порядок расчета и внесения платы за технологическое подключение (присоединение), возможность и условия внесения платы поэтапно при проектировании и строительстве многоквартирных жилых домов, многофункциональных комплексов и социальных объектов.

Пунктом 3 постановления Бишкекского городского кенеша «Об одобрении получения кредита для реализации проекта «Реабилитация водоснабжения и канализации в городе Бишкек» от 8 декабря 2015 года № 166 (в редакции постановления Бишкекского горкенеша от 29 сентября 2022 года № 45), пунктом 3 постановления Бишкекского городского кенеша «О внесении изменений и дополнений в постановление Бишкекского городского кенеша «Об одобрении получения кредита для реализации проекта «Реабилитация водоснабжения и канализации в городе Бишкек» от 8 декабря 2015 года № 166» от 29 сентября 2022 года № 45 мэрии города Бишкек совместно с ПЭУ «Бишкекводоканал» поручалось подготовить положение о порядке сбора долевых средств и внести на утверждение в Бишкекский городской кенеш.

За истекший период вопрос сбора долевых средств на строительство и реконструкцию инженерных сетей был изучен дополнительно. Наличие нормативных правовых актов, регламентирующих порядок сбора долевых средств на проектирование и строительство сетей и сооружений водоснабжающего и водоотводящего комплексов, дальнейшая их (или их части) принадлежность, финансирование их обслуживания и эксплуатации, не установлены. В связи с чем, разработать положение о порядке сбора долевых средств не представляется возможным.

Учитывая вышеизложенное, пункты 3 вышеназванных постановлений Бишкекского городского кенеша от 8 декабря 2015 года № 166, от 29 сентября 2022 года № 45 предлагается признать утратившими силу.

**3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий**

Принятие данного проекта постановления социальных, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий за собой не повлечет.

**4. Информация о результатах общественного обсуждения**

В соответствии со статьей 22 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики» данный проект постановления должен быть размещен на официальном сайте Бишкекского городского кенеша.

**5. Анализ соответствия проекта законодательству**

Настоящий проект постановления не противоречит нормам действующего законодательства.

При внесении изменений в действующие нормативные правовые акты, регулирующие подготовку, выдачу технических условий на подключение объектов к сетям водоснабжения и канализации, а также порядок начисления, сбора и расходования денежных средств на технологическое подключение (присоединение), а также порядок финансирования, строительства, технического обслуживания сетей и сооружений инженерно-технического комплекса.

**6. Информация о необходимости финансирования**

Введение в действие настоящего Временного положения не потребует выделения бюджетных средств.

**7. Информация об анализе регулятивного воздействия**

Проведение анализа регулятивного воздействия (далее - АРВ) настоящего проекта постановления производится в соответствии с Методикой, утвержденной постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Методики проведения анализа регулятивного воздействия нормативных правовых актов на деятельность субъектов предпринимательства» от 10 августа 2022 года № 444.

**Мэр города Бишкек** **А.Дж. Джунушалиев**